# Үч куту



Автор: Миргүл Наралиева

Сүрөтчү: Мунара Абдукахарова

# Үч куту

Автор: Миргүл Нарaлиева
Сүрөтчү: Мунара Абдукахарова

Кыргыз тилинде
Бишкек 2024


Copyright © 2023, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган”

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

"Үч куту" (кыргыз тилинде), автор Миргүл Наралиева, сүрөтчү Мунара Абдукахарова

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom



Мектептен балдар көңүлдүү келе жатышкан. Аскат үйүнө жакын калганда, шамал башталды. Шамал көчөдөгү чаңды көккө сапырып, асманга желим баштыктарды учурду. Бир желим баштык Аскаттын бутуна илинип калды. Аскат бутун силке салып үйүн көздөй чуркады. Эшик, терезелерди бекем жаап, колу-бетин жууду. Аңгыча дүкөнгө кеткен апасы да кирип келди.

– Балам, келип калдыңбы? Шамал токтоду. Терезелерди ачып коё берсең болот, – деди апасы.

– Апа, терезелерди ачпай эле турайынчы. Эшик чаң, желим баштыктар асманда учуп жүрөт. Эмнеге адамдар көп таштанды ыргытышат?

Аскат жашаган жаңы конуш шаардын таштанды төккөн талаасына жакын эле. Талаадан келген кескин жыт, желим баштык, кагаздар – конуштун эң чоң көйгөйү. Бул маселе жашоочуларды ойго салат.

Аскат түнү менен ойлонуп жатты.


– Балдар, келгиле, мындан кийин желим баштык, бөтөлкө, кагаздарды таштандыга ыргытпайбыз, – деди Аскат эртеси мектепке барганда.

– Анда кайда ыргытабыз? – деди Абай таңыркап.

– Чогултабыз! – деди Аскат чечкиндүү.

– Кызыксың го, биз алардан арыла албай жатсак, кайра чогултуп алабызбы? – деп мурчуйду Сайра.

– Биз аларды чогултуп, кайра иштетүүчү чакан заводго тапшырабыз, – деди Аскат.



– Жакшы идея экен! Бирок ал үчүн ар бир үйдө үч куту болуш керек. Кутунун сыртына “Желим баштык”, “Желим бөтөлкө” жана “Кагаз” деп чаптап коёлу, – деди Сезим.

– Туура болот эле, – деп баары кубаттап калышты.

– Мына, интернетти карасаңар, балдар! Шаарда таштанды төгүүчү жайга күнүнө 1200 тоннага жакын таштанды төгүлөт экен. Алардын 480 тоннасы гана кайра иштетүүгө жөнөтүлөт. Шаардын ар бир жараны жылына 200 килограммдан ашык таштанды ыргытат экен, – деди Аскат.

– Ай-и-ий, абдан көп го? Жок дегенде, кайра иштетүлүүчү таштандыны чогултуп, заводго өткөрүп турганыбыз, айлана-чөйрөгө да жакшы болот эле, – деп Сайра кошумчалады.



– Биз башка мектептеги балдарга да маалымат тараталы, – деди Жайна.

Ал вотсапка “Таштандыны ар кайсы жерге таштабагыла!” деген чакырыкты жазып баштады.

– Азаматсың, Жайна! Эми бардык окуучуларга маалымат жетти. Биз дагы  үч куту даярдайлы, – деди Абай.

Балдар үйлөрүнө барып, ата-энелери менен биргеликте кутуларды даярдашты. Ар бир үй-бүлө жасаган кутулар чоң, кичине, орточо болуп айырмаланып турду. Аларды жамгыр тийбей турган жерге коюшту. Эң кызыгы, ал кутулар бат эле толуп калды. Ушунун баарын таштанды менен бирге ыргытып жүргөндөрүнө таң калышты.



– Биз бүгүн бул таштандыларды кайра иштетүүчү заводго жеткиребиз, – деди Аскат кубана.

– Биз да барсак болобу? – дешти Жайна менен Абай.

– Ооба, чогуу барып келели, – деп атасы балдар менен таңгактарды көтөрүшүп, машинага салышты.

Мына, таштандыны кайра иштетүүчү завод. Миңдеген таңгактар. Тынбай иштеп жаткан станоктор. Балдарды көрүп, ары жактан заводдун бир кызматкери басып келди.





– Азаматсыңар, силер айлана-чөйрөнү коргоого жардам берип жатасыңар. Полиэтилен баштыктары беш жүз жылга чейин чирибейт. Жердин катмарында бул процесс жүз жылга чейин созулат. Дүйнө жүзү боюнча бөлүнүп чыккан таштандылардын он пайызын желим баштыктар түзөт. Аларды өрттөөгө болбойт. Жыл сайын үч жүз миң жаныбар желим баштыктын зыянынан жок болот, – деди заводдун кызматкери.


– Желим баштыктарды жерге, сууга таштоого болбойт экен да, – деп Абай башын кашыды.

– Таптакыр болбойт!

– Кызык. Булардан эмне жасалат? – деп сөздү бөлдү Аскат.

– Мисалы, желим баштыктан гранул жасалып, андан соң челек, чака, кийим илгич жасайбыз. Ал эми желим бөтөлкөлөрдөн  полиэстер жип даярдайбыз. Кагаздан жумшак сүлгү, бет аарчы, суу ичүүчү стакан, даарат кагазы жасалат.

– Эң жакшы. Анда биздин таңгактарды кабыл алып коюңуздар, – деп Аскаттын атасы таңгактарды тапшырды.



Балдар таштандыдан түшкөн акчага буйрутма берип, конуш ичине окшош чоң пластик контейнерлерди жасатмай болушту. Ашып калган майда акчага шар, клей сатып алышып, лампочканын сыртына кооз плафон жасамай болушту.

Кечинде балдар чогулушуп, шарларды үйлөп чыгышты. Абай үйлөнгөн шарды колуна алып, ПВА клейди сүйкөдү. Аскат алып келген жип менен шарды айлантып чырмады. Жайна ПВА клейин алып кайра дагы шарды айланта сүйкөдү.

– Бул кургаганда, тетиги сарайдагы лампочкага кийгизип коёбуз. Кооз плафон болуп калат, – деди Абай.

– Балдар, абайлаш керек. Плафон лампочкага тийбегендей, алысыраак жайгаштырып коёлу. Өрт коопсуздугун да эстен чыгарбайлы! – деп Аскат олуттуу сүйлөдү.

ПВА клей кургаганда, ичиндеги шарды ийне менен акырын жарышты. Чындыгында, абдан кооз плафон болду. Аны сарайдын кичинекей лампочкасына атасынын жардамы менен кийгизип коюшту. Балдардын жасаган плафону шамал болгон сайын ары бери күүлөнүп турду.

Бирок, эң башкысы, катуу шамал болсо да, конуштун көчөлөрүнөн мурдагыдай желим баштыктар асманга учпай калды.



КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ

Автор: Миргүл Наралиева
Сүрөтчү: Мунара Абдукахарова

USAIDдин "Окуу керемет!" долбоору
Кыргыз Республикасы

1-класс
- 1.1 деңгээли
- 1.2 деңгээли
- 1.3 деңгээли

2-класс
- 2.1 деңгээли
- 2.2 деңгээли

3-класс
- 3.1 деңгээли
- 3.2 деңгээли

4-класс
- 4.1 деңгээли
- 4.2 деңгээли